**Жалпы билим берүүчү уюмдардын усулдук бирикмелери же мектеп усулдук бирикмелери жөнүндөгү (МУБ)[1] ЖОБОСУ**

## I. ЖАЛПЫ ЖОБО

1.1 Усулдук бирикме жалпы билим берүүчү уюмдун усулдук кызматынын структуралык курамы болуп эсептелет жана өзүнө предметтер, билим берүү чөйрөсү, тарбиялоонун түрү боюнча мугалимдерди бириктирет.

1.2 Усулдук бирикме окутулган предметте бир (бир нече) билим берүү чөйрөсүндө үчтөн кем эмес мугалим болгондо түзүлөт:

- **Тилдик** (мамлекеттик, расмий, эне тили (өзбек, тажик) жана чет тилдер)
- **Социалдык** (тарых, жарантаануу, этика, экономика…)
- **Математикалык** (математика, алгебра, геометрия…)
- **Табигый-илимий** (химия, биология, физика, география, астрономия…)
- **Технологиялык** (эмгек, чийүү жана дизайн, компьютердик сабаттуулук…)
- **Ден соолук маданияты** (дене рабия, жашоонун туура мүнөзү, жашоо-тиричилик коопсуздук негиздери, биология («Адам»)
- **Искусство** (адабият, музыка, көркөм-өнөр чыгармачылыгы, дүйнөлүк көркөм маданияты(ДКМ))
- **Башталгыч класстар**

Жогорку же биринчи категориядагы (класс жетекчи) мугалим-предметник жетектейт.

1.3 Негизги ишмердүүлүк багыттары, мазмуну, иштөө ыкмалары жана формалары ага кирген мүчөлөрү тарабынан жалпы билим берүүчү уюмдун максаттары жана милдеттерине ылайык аныкталып жана уюмдун методикалык кеңешинде бекитилет.

1.4 Билим берүү уюмдарында андан сырткары да тарбиячылардын, класс жетекчилердин ж.б. усулдук бирикмелери да түзүлсө болот.

1.5 Усулдук бирикмелердин саны жана ага кире тургандардын саны билим берүү уюмдун коюлган зарыл болгон комплекстүү маселелердин чечилишине жараша педагогикалык кеңештин чечиминин негизинде билим берүү уюмунун директорунун буйругу менен бекитилет. Усулдук бирикмелердин жана алардын саны билим берүү уюмунун алдыга коюлган, аткарууга зарыл болгон комплекстүү маселелердин чечилишине жараша аныкталат жана педагогикалык кеңештин чечиминин негизинде жана билим берүү уюмунун директорунун буйругу менен бекитилет.

1.6 Усулдук бирикмеге кирген мугалимдер окуучуларды предметтер боюнча даярдоону тиешелүү билим берүү чөйрөсүнө ылайык жүзөгө ашырат.

1.7 Усулдук бирикмелер окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басарынын (Илимий-усулдук иштер боюнча диртекордун орун басарынын) сунушу боюнча билим берүү уюмунун директорунун буйругуна ылайык түзүлөт, кайра түзүлөт жана жоюлат.

1.8 Усулдук бирикмелер окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басарына (Илимий-усулдук иштер боюнча директордун орун басарына) түздөн-түз баш ийет.

1.9 Усулдук бирикмелер өздөрүнүн ишмердүүлүгүн Конституция, билим берүү тармагындагы КРнын мыйзамдары жана укуктук ченемдик документтерине ылайык жүргүзүшөт.

## II. МЕКТЕП МУГАЛИМДЕРИНИН УСУЛДУК БИРИКМЕЛЕРЕНИНИН МАКСАТТАРЫ

**2.1.** УБнин педагогдорунун кесипкөйлүк чеберчилигин жана квалификациясын жогорулатуу, анын ичинде жаш педагогдордун (насаатчылыктын) кесипкөйлүк чеберчилигин колдоо;

**2.2.** Окутуунун ишмердүүлүгүнүн натыйжасын баалоо. сапатына, максаттарына жана натыйжаларына окутулган предметтер/билим берүү чөйрөсү боюнча бирдиктүү талапты камсыздоо;

**2.3.** Инсанды калыптандыруу жана өнүктүрүү үчүн бирдиктүү билим берүү-тарбиялоо чөйрөсүн камсыздоо, чыгармачыл иштөө үчүн шарттарды түзүү;

**2.4.** Мугалимдердин педагогикалык

## III. МЕКТЕП УСУЛДУК БИРИКМЕСИНИН МИЛДЕТТЕРИ

**1.1.**

Билим берүү маселелери боюнча укуктук ченемдик жана усулдук иш кагазарын окуп-үйрөнүү жана мектептин деңгээлинде укуктук ченемдик иш кагаздарды даярдоо (инструкция, Жобо, келишимдер);

**1.2.** Мектеп компонентин тандоого жана түзүүгө катышуу;

**1.3.** Предмет боюнча вариативдүүлүктү жана окутуунун ар түрдүү деңгээлин эске алуу менен автордук окуу программаларын түзүүгө жана мазмуунун тандоо;

**1.4.** Мугалимдин жеке иш планын бекитүү, автордук программаларды жана усулдард талдоо жана бекитүү;

**1.5.** Көчүрүү класстарынын жана бүтүрүүчү класстарды (оозеки экзамендердин) жыйынтыктап текшерүү үчүн аттестациялык материалдарын бекитүү;

**1.6.** Предметтин окутулуш абалынын талдоосун жүргүзүү;

**1.7.** Тиги же бул тематикалык өз ара сабактарга катышууну, өзүнө-өзү талдоо берүүнү жана сабактан кийинки жетишилген жыйынтыгына карата талдоо берүү уюштуруу;

**1.8.** Предметтер боюнча ар кандай автордук усулдук иштелмелер менен таанышуу жана предметти окутуу усулуна талдоо берүү;

1.9. Прдемтеттер боюнча таанышуу максатында ар кандай тематикалык усулдук ачык сабактарды уюштуруу;

1.10. Алдынкы педагогикалык тажрыйбалар менен таанышуу, жалпылоо жана жайылтуу;

1.11. Предметтер боюнча эксперименталдык иштер;

1.12. Предметтер боюнча билим берүү стандарттарынын негизинде программаны кабылдоо боюнча натыйжаларды баалоого бирдиктүү талаптарды иштеп чыгуу;

1.13. Окуучулрдын жыйынтыктоочу жана аралык аттестациялоо системасын иштеп чыгуу (тематикалык, семетрдик, зачеттук ж.б.);

1.14. Билим берүү уюмдуна предметтик жумалыктарды (декадаларды) уюштуруу; прдметтик олимпиаданын, конкурстардын, кароолордун ж.б. биринчи этабын уюштуруу;

1.15. Окуучулар менен предметтер боюнча класстан тышкаркы иштерди уюштуруу (факультативдик курстар, ийримдер ж.б.);

1.16. Предметтер боюнча заман талабына ылайык окуу кабинетине, сабакка карата окуу каражаттарын уюштуруу иштери;

1.17. УБдеги жаш адис менен иштөө.

1.18. Кесипкөй мугалимдин өзүн-өзү билимин өркүндөтүүсү, квалификациясын жогорулатуу курстарынын иштери, чыгармачыл командировкадагы иштердин отчетторун жүргүзүү.

## IY. МЕКТЕПТИН УСУЛДУК БИРИКМЕСИНИН ФУНКЦИЯСЫ

1.1. Мектептин иштөө планын чагылдырган, райондук (шаардык) усулдук кабинеттин сунуштаган темасына ылайык, усулдук бирикменин пландаштырылган иш чараларын өткөрүү;

1.2. Усулдук отурумдарды өткөрүү;;

1.3. Мектепе ичиндеги мугалимдердин квалификациясын семинар, тренингдер, ачык сабактар ж.б.у.с. аркылуу жогорулатууну уюштуруу;

1.4. УБ предметтер боюнча класстан тышкаркы иштерди иштеп чыгуу;

1.5. Усулдук бирикменин ар бир мүчөсүнүн ЭКК (КТУ) аныктоочу комиссияны түзүү.

## Y. УСУЛДУК БИРИКМЕНИН ИШИН УЮШТУРУУ

1.1. Усулдук бирикменин ишин уюштуруу үчүн мугалимдер арасынан жетекчисин шайлашат;

1.2. Усулдук бирикменин ишмердүүгү РАЙ (ШААР) усулдуккабинеттеин сунушуна ылайык мектептин иштөө планынын негизинде педагогикалык жамааттын иштеп чыгып кабыл алган темасынын алкагында уюштурулат. Пландаштыруу учурунда мугалимдин кесиптик өнүгүү боюнча өзүнүн жеке планы эске алынат;

1.3. Усулдук бирикменин иштөө планы окуу жылынын башында окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары тарабынан бекитилет;

1.4. Мугалимдердин усулдук бирикмеси тиги же бул тематикадагы ар кандай семинарларды, ачык сабактардын түрмөгүн уюштура алат;

1.5. Окуу жыл ичинде эң кеминде 4 жолу учулдук бирикменин чогулушу өткөрүлөт жана анын протоколу жазылат;

1.6. Окуу жылы ичинде 1ден кем эмес тематикалык ачык сабактарды жана класстан тышкаркы иштерди камтыган практикалык семинарлар иш чаралары өткөрүлөт;

1.7. Окуу жылынын аягында директордун орун басары УБ ишин талдайт жана акыркы УБнин чогулушунда угузуу менен кийинки окуу жылына карата сунуштарын билдирет;

1.8. УБнин иш кагаздары мектепте 3 жыл аралыгында сакталат, андан соң МУБ иш планы жана талдоолору сактоо үчүн архивге 10 жыл аралыгында сакталууга берилет.

## YI. УСУЛДУК БИРИКМЕНИН ИШ КАГАЗДАРЫ

6.1. УБнын ачылышы жөнүндө буйрук.

6.2. Усулдук бирикменин жетекчисин бекиткен буйрук.

6.3. Усулдук бирикменин Жобосу (КРнын ББжИМ бекитилген же сунушталган).

6.4. УБ мугалимдердин функционалдык милдеттери.

6.5. МУБ өткөн жылдагы ишинин талдоосу.

6.6. Жаңы окуу жылына карата усулдук иштеринин артыкчылыктуу багыттагы темалары жана алардын милдеттери.

6.7. Учурдагы окуу жылына карата МБ иштөө планы, УБ мугалимдеринин предметтер боюнча тематикалык ачык сабактары жана класстан тышкаркы иш чараларынын графиги.

6.8. УБнин ар бир айга карата пландоо-сеткасы.

6.9. УБнин мугалимдеринин маалымат-банкы:сандык жана сапаттык саны (курагы, билими, кесиби, окуткан предмети, жалпы жана пед стажысы, квалификациялык категориясы, сыйлыктары, наамдары, үй телефону).

6.10.УБнин чыгармылчы отчеттору, ишкер оюндардын ж.б.у.с.УБ мугалимдердин өзүн-өзү өркүндөтүү темалары жөнүндө маалыматы.

6.11.Усулдук жуманы өткөрүүнүн планы (эгерде УБ өз алдынча өткөрсө).

6.12.Программалар (предмет боюнча автордук, факультативдик, ийримдер ж.б.).

6.13.предмет боюнча окуу программасы жана окутуу-усулдук камсыздоо боюнча маалымат.

6.14.Календардык-тематикалык планы (предмет боюнча, жеке, факультативдик сабактар, предметтик ийримдер).

6.15.МИК (ВШК) (экспресс, маалыматтык жана аналитикалык маалымдамалар, диагностика).

6.16.УБ чогулуштарынын протоколдору.

## VII. УСУЛДУК БИРИКМЕНИН МҮЧӨЛӨРҮНҮН УКУКТАРЫ

**7.1.** Мугалимдин адистик деңгээлин көтөрүү үчүн сунушун даярдайт жана сунуштама бере алат;

**7.2.** Мектептеги окуу процессин жакшыртууга карата сунушун бере алат;

**7.3.** Усулдук бирикмедеги топтолгон педагогикалык тажрыйбаларды камтыган материалдарды публикациялоого сунуштама бере алат;

**7.4.** Усулдук бирикмеде эксперименталдык ишмердикте активдүү катышкан мугалимдерди сыйлоо үчүн мектеп администрациясына сунуштама коюуга;

**7.5.** Мугалимдерге квалификациясын жогорулатуунун ар кандай формаарын сунуштоого;

**7.6.** Окуучуларды окутуу жана тарбиялоо боюнча көйгөйлөрдү чечүүгө карата ар кандай суроолор менен кайрылууга;

**7.7.** Мугалимдерди аттестациялоо боюнча мазмунуна жана уюштуруу иштерине сунуштарды киргизүүгө;

**7.8.** Усулдук бирикмедеги мугалимдердин арасынан ар кандай "Жыл мугалими" жана "Мыкты класс" сыяктуу конкурстарга мугалимдерди сунуштоого.

## VIII. УСУЛДУК БИРИКМЕНИН МҮЧӨЛӨРҮНҮН МИЛДЕТТЕРИ

Усулдук бирикменин мүчөсүнүн милдеттери:

**8.1.** Кесиптик чеберчилигин жогорулатуунун үсүтнөн иштөөгө;

**8.2.** Усул бирикмеснин чогулуштарына, практикалык семинарларына, мектептеги алдыңкы тажрыйбалардун илимий-усулдук семинарларына ж.б. катышууга;

**8.3.** Педагогикалык ишмердүүлүктүн өзүнө-өзү талдоонун негиздерине ээ болууга;

**8.4.** Усулдук бирикменин маалыматтык жана усулдук иштерине катышууга;

**8.5.** Окутулган предмет, курс, факультатив ж.б. илимий-усулдук камсыздоо боюнча документтерди иштеп чыгууга;

**8.6.** Окутулган окуу предметтеринин диагностоо, прогноздоо, пландаштыруу маселелери боюнча материалдарды иштеп чыгууга;

**8.7.** Билим берүү уюмундагы педагогдор арасында тажрыйбаларды таратып жана жалпылаганга;

**8.8.** Окуучулардын окутуу жана тарбиялоодо эффективдүү усулдар боюнча чыгармачыл отчетторду жүргүзүүгө;

**8.9.** Жаш адиске жардам көрсөтүүгө;

**8.10.** Мектептин педагогдоруна окутулган предметтеги усулдардын актуалдуу көйгөйлөрү тууралуу кеңештерди жүргүзүүгө;

**8.11.** Мектептин мугалимдеринин жана окуучуларынын илимий-практикалык конференцияларына катышууга жана откөрүүгө.

## IX. УСУЛДУК БИРИКМЕЛЕРДИН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН КӨЗӨМӨЛДӨӨ

Мектеп усулдук бирикмесинин ишмердүүлүгүн текшерүү билим берүү уюмунун директору тарабынан бектилиген мектептин усулдук иштеринин планы жана ички көзөмөлгө ылайык окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары (Илимий-усулдук иштер боюнча диртекордун орун басарын) тарабынан жүргүзүлөт.

«Бекитемин»

Мектеп директору ____ Ж.М.Белекова

«16» 09. 2021-ж

**Майлуу-Суу шаарындагы №5 жалпы билим берүү орто мектебинин усулдук кенештин**

**2021-2022-окуу жылына карата түзүлгөн иш планы**

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Мөөнөтү | Жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | 1.Өткөн окуу жылындагы усулдук кенештин ишинин жыйынтыктары жана жаны окуу жылындагы негизги милдеттер. | Август | УК |
| 2 | 1.2021-2022- окуу жылы үчүн окуу планындагы предметтер боюнча мамлекеттик стандарттагы окуу программаларын аткаруу боюнча сунуштарды талкулоо.<br>2. Усулдук кенештин 2021-2022- окуу жылына карата иш планын бекитүү. Усулдук кенештин жаны курамын түзүү. | Сентябрь | УК<br>УББ |
| 3 | 1.Предмет аралык усулдук бирикмелердин иш пландарын пландаштырууга көргөзмөлөр.<br>2. 2021-2022-окуу жылына карата мугалимдердин чыгармачылыгына өзгөчөлүктөрдү киргизүү.<br>3. Чыгармачыл отчеттор жана ачык сааттар.<br>4. Мектеп окуучуларынын предметтик олимпиадаларга катышуусунун жана даярдануусунун өзгөчөлүктөрү. | Октябрь | УК<br>УББ |
| 4 | 1.Математика ,физика,химия, биология предметтери боюнча усулдук бирикмелердин ишинин абалы.<br>2. Мектептик ,шаардык предметтик олимпиадалардын жыйынтыктары.<br>3. Чыгармачыл отчеттор жана ачык сааттар. | Ноябрь | УК<br>УББ |
| 5 | 1.Биринчи жарым жылдык боюнча окуу программаларынын жана жазуу, лабороториялык, практикалык, текшерүү иштеринин нормативдеринин аткарылышы.<br>2. Башталгыч класстардын окуучуларынын билимдерин , билгичтиктерин аныктоо.<br>3. Чыгармачыл отчеттор жана ачык сааттар. | Январь | УК<br>УББ |
| 6 | 1.Предметтик окуу кааналардын жабдылышына коюлуучу талаптардын аткарылышы.<br>2. Кыргыз,орус жана чет тилдери боюнча усулдук бирикмелердин ишинин абалы.<br>3. Чыгармачыл отчеттор жана ачык сааттар. | Февраль | УК<br>УББ |
| 7 | 1. 2021-2022-окуу жылындагы бүтүрүү жана көчүрүү экзамендерин жүргүзүүнүн өзгөчөлүктөрү.<br>2. Химия, биология, тарых жана география предметтери боюнча усулдук бирикмелердин ишинин абалы.<br>3. Чыгармачыл отчеттор жана ачык сааттар. | Апрель | УК<br>УББ |
| 8 | 1.Чыгармачыл отчеттордун жана усулдук бирикмелекрдин иштеринин жыйынтыктарын негизденип, алдынкы иш тажрыйбаны жайылтуу.<br>2.Класстык журналдарды, отчеттук кагаздарды, бүтүрүүчүлөрдүн билими тууралуу документтерин алууга даярдоо. | Май | УК<br>УББ |
| 9 | 1.Усулдук кенештин 2021-2022-окуу жылындагы аткарган бир жылдык ишин жыйынтыктоо. Кенештин ишиндеги жетишкендиктер, кемчиликтер жана аларды жоюнун иш чаралары.<br>2.Усулдук кенештин жаны окуу жылына карата планынын долбоорун түзүү. | Июнь | УК<br>УББ |

Усулдук кенештин төрайымы____________О.Ысмайылова

**Майлуу-Суу шаарындагы №5 жалпы билим берүү орто мектебиндеги усулдук кеңештин**

**2021-2022-окуу жылына карата жүргүзүлгөн иштери боюнча**

# маалымат

2021-2022-окуу жылында усулдук кенеш мектептин билим сапатын жогорулатуу проблемасын чечүү үстүндө иштеп келди. Усулдук кенештин негизги максаты: "Окуучунун чыгармачылык ан-сезимин ж-а өз алдынчалуулугун өстүрүү менен бирге окуу-тарбия процессин жакшыртуу".

Усулдук кенештин иши жаны технологияларды билим берүүдө колдонууга багытталган. Иштин жүрүшүндө төмөнкү максат иш жүзүнө ашырылып жатты: мугалимдердин педагогикалык чыгармачылыгынын денгээлинин көтөрүлүшү.

Өткөн окуу жылында усулдук кенештин 6 отуруму болуп өттү. Ал отурумда төмөндөкүдөй маселелерди карап чыктык;

- Педколлективдин ишин бирдиктүү усулдук иштин үстүндө иштөөнү уюштуруу;
- УКтин жана УБдин иш пландарын бекитүү;
- Насаатчылыктын иштерин уюштуруу. Жаш адистерди насаатчыларга бөлүштүрүү, жаш мугалимдер менен иш алып баруу;
- Мугалимдердин мектеп иш кагаздары менен иштөөсүн уюштуруу;
- Мектеп ичинде предметтик жумалыктарды өткөрүү;
- Мектеп ичинде жана шаардык олимпиадага окуучуларды даярдоо жана катыштыруу;
- Билим сапатынын мониторингин чыгарып туруу, чейрек сайын;
- Экзамендерге даярдык;
- Коллективдик арасында коюлган маселелер боюнча ачык сабактарды өтүү менен жекече, топтор менен иштерди жүргүзүүдө , о.э. зээндүү окуучулар менен иштерди уюштуруп окуучулардын окууга кызыгуусун арттыруу менен иш жүзүндө көрсөтүлүп турду;

Усулдук иштердин төмөнкүдөй формалары колдонулду:

- Тематикалык педсоветтер;
- Усулдук кенеш;
- Мугалимдердин УБдин иши;
- Мугалимдердин билимдерин өркүндөтүү үстүндө жүргүзгөн иштери;
- Ачык сабактар;
- Предметтик айлыктар (декадалар), семинарлар;
- Мугалимдердин ишмердүүлүгүнүн мониторинги;

Мектептин усулдук ишинде мугалимдер жамааты бардыгы тен катышышты. Жыл ичинде мугалимдер тарабынан ачык сабактар жана класстык сааттарды өтүп турушту. Жаны окуу жылына карата окутууда жана тарбиялоодо заманбап окутуунун жаны усулдарын , формаларын колдонуунун зарылдыгында усулдук иштин ролу жогорулаганын белгилеп, өткөн окуу жылында жигердүү иштей алган УБдин жетекчилеринин жүргүзгөн иштери бааланды.

2021-2022-окуу жылына карата УКтин жана УБдин жаңы окуу жылына карата иш планын карап чыгуу, бекитүү жана курамын шайлоо, жаш адис мугалимдерге насаатчылыкты уюштуруу, о.э. усулдук предметтик жана китептер боюнча баяндоо болуп, талкууланып өзгөртүүлөр менен иш пландары бекитилди.

Усулдук кеңештин максаты: Педагогдордун кесиптик билимдерин жана жөндөмдөрүн өнүктүрүү, алардын чыгармачылык потенциалын , педагогикалык ишмердүүлүгүн сапатын жогорулатуу болуп саналат.

Негизги милдеттери: Инсандык жактан багыттоо , техникалык каражаттарды колдонуу аркылуу сабактардын сапатын жакшыртуу жана сабакка болгон жоопкерчиликти күчөтүү.

Жаш мугалимдерге усулдук жардам көрсөтүлүп турулду. Мугалимдер арасында тажрыйба алмашуу үчүн шаарда болуп өткөн семинарларга катышылды. Мугалимдер курстарга барып, өз билимдерин өркүндөтүп келишти.

Таланттуу , жөндөмдүү балдар менен иш алып барылып, алардын кызыгуусун эске алуу менен предметтик ийраимдер уюштурулду. Берилген тапшырмаларга мугалимдер жоопкерчиликтүү мамиле жасашты.

Башталгыч класстарында “Керемет окуу” долбоорунун алкагында окутуунун жаңы технологияларын колдонуу менен бардык сабактардан билим сапатын жогорулатуунун үстүндө иш жүргүзүлдү. Окуучулардын коллиграфиясына көңүл бурулду. О.э. 4-5-6-класстарынан срездер администрация тарабынан алынып, окуучулардын билим сапаты боюнча салыштырмалуу мониторинг жүргүзүлдү .

УББнын мектеп ичинде бардык предметтер боюнча “Ачык эшиктер” күнүн өткөрүштү. Өз учурунда сабак өткөн мугалимдерге алкыш айтылды. Жыл ичинде окуу программаларынын жана жазуу, лабороториялык, практикалык, текшерүү иштеринин нормативдеринин аткарылышы жана бааларынын коюлушу УББры тарабынан текшерилип, жыйынтыгы чыгарылды. Чыгармачыл отчеттордун жана усулдук бирикмелердин иштеринин жыйынтыктарына негизденип , алдыңкы иш тажрыйбасы мектеп ичинде жайылтылды.

Усулдук кеңештин мүчөлөрү 2021-2022- окуу жылындагы аткарган бир жылдык иши боюнча отчетторун беришти . Кеңештин ишиндеги жетишкендиктер, кемчиликтер талкууланып, жоюнун үстүндө иш чаралар түзүлдү. О.э. усулдук кеңештин жаңы окуу жылына карата долбоорун биргеликте иштеп чыгышты.

Бекитемин:

Мектеп директору ____ Ж.М Белекова

«30» 01 2022-ж

**Майлуу-Суу шаарындагы №5 жалпы билим берүү орто мектебинин 2022-2023-окуу жылы ичинде өткөрүлүүчү декадалардын графиги**

| № | Предметтер | Күнү | Ким аткарат? |
|---|---|---|---|
| | Башталгыч класстары | Октябрь | Башт.классынын мугалимдери УББ |
| 1 | Кыргыз тили ж-а адабияты | Октябрь | Кыргыз тилчилер УББ |
| 2 | Математика , физика, информатика | Декабрь | Математика , физика мугалимдери УББ |
| | Орус тили ж-а адабияты, чет тили | Февраль | Орус тилчи мугалимдер УББ |
| | Тарых жана ад.коом | Март | Тарых мугалимдери УББ |
| 3 | Биология ,химия,география | Апрель | Биолгия ,химия мугалимдери УББ |
| 4 | Дене тарбия, көркөм өнөр, музыка | Апрель | УББ |

ОББ ____ Н.М.Тукапова